**И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин жана Кыргыз билим берүүү академиясынын алдындагы педагогика илимдеринин доктору (кандидаты) илимий даражасын изденип алуу боюнча Д 13.18.573 – диссертациялык кеңешинин эксперттик комиссиясынын 13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн берилген Муратова Айнуранын** «Мектепке чейинки педагогдордун улуттук музыкага кызыгуусун калыптандыруунун педагогикалык шарттары” **аттуу темадагы диссертациясына карата**

# КОРУТУНДУСУ

**Курамында: төрага** Алимбеков А., п.и.д., профессор., мүчөлөрү: Абышев К.Н. п.и.к., доц., Адылбек к. Г. п.и.к., доц. болгон **диссертациялык кеңештин эксперттик комиссиясы** изденүүчү **Муратова Айнуранын** «Мектепке чейинки педагогдордун улуттук музыкага кызыгуусун калыптандыруунун педагогикалык шарттары” аттуу темадагы 13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн берилген диссертациясын карап чыгып, төмөнкүдөй чечимге келди:

**1. Диссертациялык кеңешке диссертациялык изилдөөлөрдү коргоого кабыл алуу укугу берилген адистикке иштин дал келиши:**

**Иште** 13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистигинин паспортуна толугу менен жооп берүүчү мектепке чейинки мекемелердин болочок педагогдорунун улуттук музыкага кызыгуусун калыптандыруу маселелерине байланыштуу изилдөө жүргүзүлгөн.

**Иштин максаты** мектепке чейинки мекемелердин болочок педагогдорунун улуттук музыкага кызыгуусун калыптандыруунун мазмунун, критерийлерин, деңгээлдерин, педагогикалык шарттарын аныктоо жана алардын натыйжалуулугун эксперимент аркылуу текшерүү - деп айкындалган.

Коюлган максаттарды чечүү үчүн төмөнкүдөй **милдеттер** белгиленген:

1. Мектепке чейинки мекемелердин болочок педагогдорун кесиптик даярдоодо улуттук музыканын үлгүлөрүнүн ордун, функцияларын ачып көрсөтүү.

2. Мектепке чейинки мекемелердин болочок педагогдорунун улуттук музыкага кызыгуусун калыптандыруунун мазмунун, критерийлерин жана деңгээлдерин айкындоо.

3. Мектепке чейинки мекемелердин болочок педагогдорунун улуттук музыкага кызыгуусун калыптандыруунун педагогикалык шарттарын аныктоо

4. Аныкталган педагогикалык шарттардын, методдордун эффективдүүлүгүн эксперимент аркылуу текшерүү, илимий-практикалык сунуштарды иштеп чыгуу.

Диссертациялык изилдөөнүн обьекти ЖОЖдо мектепке чейинки мекемелердин болочок педагогдорун кесиптик жактан даярдоо процесси, ал эми **предмети** ЖОЖдордо мектепке чейинки мекемелердин болочок педагогдорунун улуттук музыкага кызыгуусун калыптандыруунун педагогикалык шарттары катары тариzделген.

**Изилдөөдө** илимий адабияттарды анализдөө, көркөм текстерди талдоо, педагогикалык байкоо, анкета, тестирлөө, аңгемелешүү, тажрыйбаларды үйрөнүү, анализ-синтез сыяктуу **методдор** колдонулган.

Бул **объект жана предмет** түпкү мазмуну боюнча **13.00.01** – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистигинин талаптарына туура келет.

2. **Диссертациянын темасынын актуалдуулугу.** Урпактарды мурдагы муундар тарабынан жаралган руханий-эстетикалык баалуулуктарга байыр алдыруу, улуттун салттык баалуулуктарын улап жана реалдуу иш аракетке келтирип, коомдо улуттук жана жалпы адамзаттык баалуулуктарга шайкеш таалим-тарбия мейкиндигин куруунун эң ишенимдүү кепилдиги катары каралууда. Илимий акыл-эс улуттун кылымдап өнүгүп өзүнчө үлкөн салаага айланган баалуулуктарынын бири фольклордук музыкалык маданият экендигин айгине тастыктады. Миңдеген муундардын чыгармачылык изденүүлөрүнөн жаралган кыргыздардын мазмун жагынан бай музыкалык искусствосунда улуттун

жакшылык, сулуулук, чындык, акыйкаттык тууралуу улуттук жана жалпы адамзаттык мааниге ээ идеалдары чагылдырылган. Ошондуктан аны жаштарды улуттук жана жалпы адамзаттык руханий-ыймандык дөөлөттөрдүн үлгүсүндө өнүктүрүүнүн өбөлгөсү катары кароого болот. Бирок, бүгүнкү дүйнөлүк маданияттагы эвроцентризмдин илдеттери жаштарды бөтөн руханий баалуулуктарга негизделген музыкалык маданиятка азгырып, өзүнүн тамыр башатынан ажыратып бара жаткандыгы кооптуу педагогикалык тенденция. Жаштарды мындай *"маданият безерликтен"* коргоп сактап калууга орто жана жогорку мектепте ойлонуштурулган бүгүнкү иш чаралар алсыздык кылууда. Ушундан улам улуттук баалуулуктарга эрте курагынан б.а. мектепке чейинки курактан байыр алдыруу зарылдыгы аксоматикалык акыйкатка айланууда. Кезегинде бул ишти толук баалуу ишке ашыруунун өбөлгөсү катары мектепке чейинки мекемелердин педагогдорунун улуттук музыкалык маданиятка кызыгуусун өнүктүрүү зарылдыгын жарататат. Тилеккке каршы, бүгүнкү жогорку окуу жайларда болочок мектепке чейинки мекемелердин тарбиячыларын даярдоо практикасы жана ага байланыштуу илимий адабияттар анализи, бул маселе тууралуу илимий-педагогикалык билимдер жетишсиз экендигин көрсөттү. Ошондуктан изденүүчү Муратова Айнуранын диссертациялык эмгеги бүгүнкү педагогикалык практиканын обьективдүү муктаждыктарына негизделген актуалдуу маселеге арналганын ишенимдүү белгилөөгө болот.

**3. Диссертациянын илимий натыйжалары катары изилдөөчү төмөндөгүлөрдү көрсөткөн:**

**1-натыйжа.** Кыргыз педагогикасында алгачкы жолу мектепке чейинки мекемелердин болочок педагогдоруна кесиптик билим берүүдө улуттук музыканын үлгүлөрүнүн орду, функциялары ачып көрсөтүлгөн.

**2-натыйжа.** Мектепке чейинки мекемелердин болочок педагогдорунун улуттук музыкага кызыгуусун калыптандыруунун мазмуну, критерийлери жана деңгээлдери илимий жактан негизделген.

**3-натыйжа.** Мектепке чейинки мекемелердин болочок педагогдорунун улуттук музыкага кызыгуусун калыптандыруунун педагогикалык шарттары айкындалган.

**4-натыйжа.** Мектепке чейинки мекемелердин болочок педагогдорунун улуттук музыкага кызыгуусун калыптандыруунун педагогикалык шарттарынын эффективдүүлүгү эксперимент аркылуу текшерилген.

**4. Диссертацияда аныкталган изденүүчүнүн ар бир илимий натыйжасынын, таянактарынын жана корутундусунун негизделгендик жана ишенимдүүлүк даражасы:**

**1-натыйжа.** Кыргыз педагогикасында алгачкы жолу мектепке чейинки мекемелердин болочок педагогдоруна кесиптик билим берүүдө улуттук музыканын үлгүлөрүнүн орду, функциялары илимий-педагогикалык адабияттарды жана практикадагы кубулуштарды анализдөө, жалпылоо аркылуу ачып көрсөтүлгөн.

**2-натыйжа.** Болочок мектепке чейинки педагогдордун улуттук музыкага кызыгуусун калыптандыруунун мазмуну, критерийлери жана деңгээлдери кесиптик билим берүүнүн стандарттык талаптарын, калыптанган илимий концепциялардын жоболорун, реалдуу педагогикалык процесстин өзгөчөлүктөрүн талдоо аркылуу айкындалган.

**3-натыйжа.** Мектепке чейинки мекемелердин болочок педагогдорунун улуттук музыкага кызыгуусун калыптандыруунун педагогикалык шарттары, бул максатты ишке ашыруунун факторлорун тыкыр талдоо жана реконструкциялоо аркылуу айкындалган.

**4-натыйжа.** Мектепке чейинки мекемелердин болочок педагогдорунун улуттук музыкага кызыгуусун калыптандыруу боюнча эксперименттин натыйжалуулугу максаттардын так аныкталгандыгы өлчөнүүчү, калыптоочу сапаттардын, каражаттардын,обьекттердин так тандалышы, жыйынтыктардын жеткиликтүү талданып, жалпылангандыгы аркылуу камсыз кылынган.

**5. Диссертацияда аныкталган изденүүчүнүн ар бир илимий натыйжасынын (жобосунун), тыянактарынын жана корутундусунун жаңылык даражасы:**

**1-натыйжа.** Салыштырмалуу *жаңы,* мектепке чейинки мекемелердин болочок педагогдоруна кесиптик билим берүүдө улуттук музыканын үлгүлөрүнүн орду, функциялары туралуу мурдагы изилдөөлөрдүн натыйжаларын толуктап, конкреттештирип турат.

**2-натыйжа.** *Жаңы,* Мектепке чейинки мекемелердин болочок педагогдорунун улуттук музыкага кызыгуусун калыптандыруунун мазмуну, критерийлери жана деңгээлдери боюнча диссертант тарабынан алынган натыйжалар илимий билимдердин жаңы коруна кирет деп эсептөөгө болот.

**3-натыйжа.** *Жаңы,* Мектепке чейинки мекемелердин болочок педагогдорунун улуттук музыкага кызыгуусун калыптандыруунун педагогикалык шарттары кыргыз билим берүү мекемелеринин мейкиндигиндеги өзгөчөлүктөргө ылайык аныкталган.

**4-натыйжа.** *Жаңы* Эксперименталдык-тажрыйба иштер автордун жеке катышуусу менен жүргүзүлүп, натыйжалары илимий аналитикалык талдоого алынган. Алардын негизинде иштелип чыккан сунуштар негиздүү.

**6. Алынган натыйжалардын ички биримдигин жана тиешелүү актуалдуу проблеманы, теориялык жана прикладдык милдетти чечүүгө багытталгандыгын баалоо:** изденүүчү **Муратова Айнуранын «**Мектепке чейинки педагогдордун улуттук музыкага кызыгуусун калыптандыруунун педагогикалык шарттары" аттуу темадагы диссертациясында көрсөтүлгөн натыйжалар Кыргызстанда педагогиканын тарыхы жана билим берүүнүн теориясы боюнча илимий билимдердин өнүгүшүнө олуттуу салым кошот деп эсептөөгө болот. Алынган натыйжалар ички биримдикке жана логикалык ырааттуулукка ээ. Практикалык сунуштар текшерилген теориялык жоболорго негизделген. Диссертацияны Кыргызстанда бул проблемага арналган жаңы изилдөөлөрдүн катарында баалоого болот.

**7. Изилдөөнүн натыйжаларынын практикалык баалуулулугу төмөндөгүлөр менен аныкталат: изилдөөнүн практикалык маанилүүлүгү**

изилдөөдөн алынган теориялык жоболор, жыйынтыктар, “Эстетикалык билим берүү (музыка)” курсу боюнча улуттук музыканы камтыган типтүү программа, ОМК, тапшырмалар сиситемасы, тесттер мектепке чейинки билим берүү адистигинде окуган болочок педагогдор үчүн колдонулса болот. Изилдөөнүн жүрүшүндө түзүлгөн улуттук музыканын үлгүлөрүн камтыган “Ырда, бөбөк” ноталык хрестоматия (270б.) болочок педагогдорду даярдоо процессинде колдонууга сунушталат. Болочок педагогдордун улуттук музыкага кызыгуусун калыптандыруунун критерийлери, компоненттери мектепке чейинки билим берүү адистигинде иштеген педагогдордун кесиптик компетенцияларын баалоодо кошумча инструмент катары колдонулат.

**8. Диссертациянын негизги жоболорун, натыйжаларын жана тыянактары жарыяланган:**

1. **Муратова, А.М.** «Манас» эпосу музыкада [Текст] / А.М. Муратова //И.Арабаев атындагы КМУнун Жарчысы. – Бишкек, 2009. – №1(3). – 241-246-бб.
2. **Муратова, А.М.** Кыргыз элдик музыкасы аркылуу тарбиялоо [Текст] / А.М. Муратова // И. Арабаев атындагы КМУнун Жарчысы. – Бишкек, 2010. – №3. – 139-143-бб.
3. **Муратова, А.М.** Музыкально-дидактические игры как средство развития сенсорных способностей детей дошкольного возраста [Текст] / А.М. Муратова // Вестник КГУ им. И. Арабаева. – Бишкек, 2010. – №3. – С. 143-147.
4. **Муратова, А.М.** Теоретические обоснования проблемы формирования личностной музыкальной культуры [Текст] / А.М. Муратова // Международная научная конференция посвящена 125-летию русского и советского архитектора, художника и педагога К. Мельникова // Саратовский государственный технический университет им. Гагарина Ю.А. – Саратов, 2016. – С. 140-149.
5. **Муратова, А.М.** Роль музыкального искусства в процессе формирования личности студента [Текст] / А.М. Муратова // Вестник КГУ им. И. Арабаева. – Бишкек, 2012. – №3. – С. 126-130.
6. **Муратова, А.М.** Здоровьесберегающие технологии на уроке музыки // [Текст] / А.М. Муратова // Вестник КГУ им. И. Арабаева. – Бишкек, 2012. – №3. – С. 210-213.
7. **Муратова, А.М.** Формирование творческой активности студентов в курсе подготовки «Музыкальное воспитание детей дошкольного возраста» [Текст] / А.М. Муратова // Вестник КГУ им. И.Арабаева. – Бишкек, 2013. – Спецвыпуск. – С. 55-59.
8. **Муратова, А.М.** Художественно-эстетическое воспитание студентов средствами искусства [Текст] / А.М. Муратова // Вестник Казахского

национального педагогического университета им. Абая. – Алматы, 2014. – №2 (39). – С. 26-30.

9. **Муратова, А.М**. Кыргыздын үч кыл комузунун жаралыш тарыхы, күү баяны жана залкар комузчулары [Текст] / А.М. Муратова // Материалы Международного симпозиума: Вестник Казахского национального педагогического университета им. Абая. – Алматы, 2013. – С. 31-34.
10. **Муратова, А.М.** Бала бакчада балдардын чыгармачыл жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүүнүн жолдору [Текст] / А.М. Муратова //Абай атындагы Казак улуттук пед. университетинин жарчысы. – Алматы, 2013. – №3(36). – 111-115-бб.
11. **Муратова, А.М.** Самообразование – путь к профессиональному мастерству педагога [Текст] / А.М. Муратова // Вестник Евразийского национального университета им. Л.Н. Гумилёва. – Астана, 2013. – С. 227-234.
12. **Муратова, А.М.** "МАНАС" эпосунда кыргыз элдик музыкалык аспаптарынын чагылдырылышы жана " Манас" эпосу профессионалдык музыкада [Текст] / А.М. Муратова // Сборник международной научно-практической конференции «Тенденции и перспективы культурной интеграции». – Астана, 2014. – С. 237-246.
13. **Муратова, А.М.** Нравственно-эстетическое развитие личности на уроке музыки [Текст] / А.М. Муратова // Вестник Белорусского государственного университета культуры и искусств. – Минск, 2014. – №7. – С. 555-561.
14. **Муратова, А.М.** Информационные технологии на уроке музыки [Текст] / А.М. Муратова // Известия вузов Кыргызстана. – Бишкек, 2016. – №5. – С. 46-48.
15. **Муратова, А.М.** Эненин бешик ыры – баланын сезимталдыгынын башаты [Текст] / А.М. Муратова // Кыргыз билим берүү академиясынын Кабарлары. – Бишкек, 2013. – №3 (27). – 49-53-бб.
16. **Муратова, А.М.** Искусство и музыкальное искусство как средство эстетического воспитания современных дошкольников [Текст] / А.М. Муратова, Т.А. Орусбаева // Научная дискуссия: вопросы педагогики и психологии. – №10 (43). – С. 62-69.
17. **Муратова, А.М.** Музыкально-ритмическая деятельность детей дошкольного возраста [Текст] / А.М. Муратова // Научная дискуссия: вопросы педагогики и психологии. – №10 (43). – С. 69-76.
18. **Муратова, А.М.** Мектепке чейинки педагогдордун улуттук музыкага кызыгуусун калыптандыруунун педагогикалык шарттары [Текст] / А.М. Муратова // С.Нааматов атындагы НМУнун Жарчысы. – Нарын, 2016. – №2-3. – 157-160-бб.
19. **Муратова, А.М.** Ч. Айтматовдун чыгармалары музыка искусствосунда [Текст] / А.М. Муратова // «Айтматов окуулары-2016» Эл аралык илимий-практикалык конференциянын материалдары. – Бишкек, 2016. – 206-211-бб.
20. **Муратова, А.М.** Комуз күүлөрү – таалим-тарбиянын көөнөрбөс көрөңгөсү [Текст] / А.М. Муратова // VIII республикалык илимий-практикалык симпозиумдун макаларынын жыйнагы. – 2017. – 202-206-бб.

**9. Авторефераттын мазмунунун диссертациянын мазмунуна дал келиши:** изденүүчү Муратова Айнуранын аттуу темадагы 13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык иши бардык компоненттери боюнча авторефераттын мазмунуна негизинен дал келет. Авторефераттын окшош түзүлгөн кыргыз, орус жана англис тилдериндеги резюмеси бар.

**10. Жетектөөчү мекемени жана расмий оппоненттерди сунуштоону негиздөө**

Эксперттик комиссия сунуштаган жетектөөчү мекеме: Ош мамлекеттик университетинин 13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистиги боюнча педагогика илимдеринин докторлору, кандидаттары эмгектенген педагогика кафедрасы (кафедра башчысы, п.и.к. доцент Шадиев Н., п.и.к. доцент Тажикова Б.Ш., п.и.к. доцент Колдошев М.К.).

**Биринчи официалдуу оппонент** – педагогика илимдеринин доктору, профессор Алимбеков А. (13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы), изилдөө проблемасына жакын төмөнкүдөй эмгектери бар:

1. Этнокультурный компонент профессиональной подготовки будущего учителя Высшее образование Кыргызстана -2013, № 3 – С. 34-38.
2. К вопросу об этнопедагогической составляющей профессиональной подготовки будущего учителя // Этнопедагогика как факт сохранения этнокультурных ценностей в соврем. социуме”. Чебоксары. 2015 – С. 57-60.
3. Активные методы обучения как способы развития этнопедагогического мышления будущих учителей// Вопросы педагогики и психологии. - Москва, №4 (49) Часть -1. 8-13 с РИНЦ. – С. 112-115

**Экинчи официалдуу оппонент**– педагогика илимдеринин кандидаты, доцент Джолдошбекова Сарылкан Апиевна, (13.00.01 – жалпы педагогика,

педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы), изилдөө проблемасына жакын төмөнкүдөй эмгектери бар:

1. Көркөм өнөр адистерин даярдоодогу педагогикалык талаптар // Вестник КГУ им. И. Арабаева. – Бишкек, 2014. Специальный выпуск – С. 51-54.
2. Элдик музыканын уюткусун жаңылантып уланткан Жумамүдун Шералиев // Б.Бейшеналиева атындагы Кыргыз мамлекеттик Маданият жана искусство университетинин жарчысы – Бишкек, 2015. Атайын чыгарылыш. – 40-43-бб.
3. Влияние глобализации на национальную культуру и национальное самосознание //Реферативный журнал №11. РИНЦ. – С. 67-71.

Комиссия сунушталган документтерди карап чыгып, Муратова Айнуранын «Мектепке чейинки педагогдордун улуттук музыкага кызыгуусун калыптандыруунун педагогикалык шарттары" аттуу темадагы, 13.00.01–жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистигине ылайык педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражаны изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык ишин И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин жана Кыргыз билим берүү академиясынын алдындагы педагогика илимдеринин доктору (кандидаты) илимий даражаны изденип алуу боюнча Д 13.18.573 диссертациялык кеңешине коргоого сунуш кылат.

**Эксперттик комиссиянын төрагасы:**
п.и.д., профессор Алимбеков А.

**Эксперттик комиссиянын мүчөлөрү:**
п.и.к., доц., Абышев К.Н.

п.и.к. доц. Адылбек к. Г.

Эксперттик комиссиянын мүчөлөрүнүн колун тастыктайм
Окуучунун катчы

И. АРАБАЕВ ат. КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ
КЫРГЫЗСКИЙ ГОСУДАРСТВЕННЫЙ УНИВЕРСИТЕТ им. И. АРАБАЕВА
КОЛ ТАМГАСЫН ТАСТЫКТАЙМ
ПОДПИСЬ ЗАВЕРЯЮ